| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги | | Министерство образования и науки Кыргызской Республики |
|---|---|---|
| Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети | | Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-ж. 21-октябрь № 438 Бишкек ш.

**Илимий жумалык өткөрүү жөнүндө**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүлгөнүнүн 100 жылдыгына, 10-ноябрь - Бүткүл дүйнөлүк илим күнүнө карата, университеттин илимий потенциалын колдоо, илимге кызыгууну арттыруу, тажрыйба алмашуу үчүн аянтча түзүү максатында жана илимий иштер боюнча проректор М.М.Дылдаевдин билдирүүсүнүн негизинде **буйрук кылам:**

1. Институттун, колледждин директорлоруна, факультеттердин декандарына студенттер, магистранттар, аспиранттар жана PhD докторанттар менен профессордук-окутуучу курамдын илимий долбоорлорунун жана илимий иштеп чыгууларынын көргөзмөсүн уюштуруу тапшырылсын.
   1.1. Өлкөнүн жана жакынкы/алыскы чет мамлекеттердин алдыңкы окумуштууларынын лекциялары (онлайн) жана мастер-класстары өткөрүлсүн.
   1.2. Учурдагы илимий темалар боюнча талкуулоо панелдери уюштурулсун.
   1.3. Студенттердин илимий ишинин конкурстары өткөрүлсүн.
   1.4. Университет 4.0 модели жана дүйнөлүк мыкты университеттердин глобалдык топ -1000 рейтингине кирүү боюнча илимий стратегиялык багытынын алкагында эл аралык илимий гранттарды тартуу аракети жана публикатордук активдүүлүк күчөтүлсүн.

2. Уюштурулган иш чаралар тууралуу маалымат университеттин сайтына https://www.knu.kg/ жайгаштырылсын, басма түрүндөгү версиясы (иш чаранын программасы, маалымат кат ж.б.) илим бөлүмүнө (№10-окуу имараты), ал эми электрондук версиясы nauka.knu@mail.ru дарегине жөнөтүлсүн, иш чараларды координациялоо илим бөлүмүнүн башчысы А.Качкын уулуна милдеттендирилсин.

3. Институт/факультет жана колледждерде илим жумалыгын өткөрүүнүн графиги тиркелет.

4. Илим жумалыгын уюштуруу боюнча жалпы жоопкерчилик илимий иштер боюнча проректор М.М.Дылдаевге жүктөлсүн.

5. Бул буйрук менен кызыктар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө тапшырылсын.

**Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор** **А.Б. Шамшиев**

Макулдашылды:

Илимий иштер боюнча боюнча проректор М.М. Дылдаев

Юридика бөлүмүнүн башчысы Р.К. Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э.К. Турдуманбетова

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун**
**2024-жылдын 21 октябрындагы**
**№ 438 буйругу менен бекитилди**

## Ж.Баласагын атындагы КУУда 2024-2025 окуу жылына карата илимий жумалык өткөрүүнүн графиги

| № | Дата | Багыттар | Факультеттер/институттар |
|---|---|---|---|
| 1. | Ноябрь 2024-ж | Маалымат технологиялары жана санариптик трансформация | - Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту.<br>- Математика жана информатика институту. |
| 2. | Декабрь 2024-ж | Табигый илимдер | - Биология факультети.<br>- Физика жана электроника факультети.<br>- Химия жана химиялык технология факультети.<br>- География, экология жана туризм факультети.<br>- Медицина факультети. |
| 3. | Февраль 2025-ж | Социалдык жана гуманитардык илимдер | - Тарых жана чөлкөм таануу институту.<br>- Журналистика жана коммуникация институту.<br>- Социалдык-гуманитардык илимдер институту.<br>- П.и.д., проф. И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту.<br>- Юридикалык институт.<br>- Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | Март 2025-ж | Экономика, башкаруу жана ишкердик | - Экономиканын жогорку мектеби<br>- Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институту.<br>- Э.и.д., проф. А.А.Асанова атындагы менеджмент жана бизнес институту.<br>- Кыргыз-европа факультети. |
| 5. | Апрель 2025-ж | Тил илими, маданий изилдөөлөр жана эл аралык байланыш | - Кыргыз филология факультети<br>- Орус жана славян филологиясы факультети.<br>- Чет тилдер институту.<br>- КУУнун факультеттер аралык кафедралары.<br>- Кыргыз-кытай институту.<br>- Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети.<br>- Кыргыз-япон институту. |
| 6. | Май 2025-ж | Колледждер жана региондордогу филиалдар | - Кесиптик колледжи.<br>- Юридикалык колледж.<br>- Эл аралык байланыштар колледжи.<br>- Ош шаары гманитардык-табигый илимдер факультети.<br>- Каракол шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультети.<br>- Нарын шаардындагы гуманитардык -табигый илимдер факультети.<br>- Талас областындагы  гуманитардык -табигый илимдер факультети. |